# «СОЦИАЛДЫК НАРЫН: ЭКОЛОГИЯ, БИЛИМ БЕРҮҮ, МИГРАЦИЯ»
## Нарын облусубоюнча ачык маектешүү аянтчасы

**Катышуучулар:** Мамлекеттик органдардын, кичи коомдук кеңештердин, жарандык коомдордун, эл аралык уюмдардын жана долбоорлордун өкүлдөрү, Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын Коомдук кеңештеринин мүчөлөрү, журналисттер, блогерлер, миграция боюнча эксперттер.

**Максаты**: Кыргыз Республикасында жергиликтүү жана мамлекеттик органдардын, коомдук кеңештердин маалымдоо массалык каражаттары менен эркин маалыматтык мейкиндигин, сөз эркиндигин, пикирлерин билдирүүнү сактоодо жана өнүктүрүүдө өз ара аракеттенүүсүн куруу.

**Модератор:** ***Дюшеналиева Ажаркул Абдыкадыровна,*** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Нарын облусунун ыйгарым укуктуу өкүлүнүн аппаратынын социалдык мониторинг жана өнүктүрүү бөлүмүнүн башкы адиси.

**Иш-чаранын күнү, жери:** 2021-жылдын 18-июнь күнү, Нарын шаары, Хан-Тенгри” мейманканасынын конференц-залы

**Катышуучулардын саны**: 41, 27 аялдар жана 14 эркектер.

Маектешүү аянтчасынын отурумунда Нарын облусунун экология жана саламаттыкты сактоо, билимге жеткиликтүүлүк, жаштардын жумушка орношуусу жана миграцияга байланыштуу көйгөйлөр сыяктуу социалдык маселелер көтөрүлдү.

Куттуктоо сөзү менен ***Кудайберген Базарбаевич Базарбаев,*** Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын жарандык коом институттары менен өз ара аракеттенүү, дин иштери жана этностор аралык мамилелер бөлүмүнүн башчысы, ***Бегаим Маратбековна Маратбекова***, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик миграция кызматынын Маалыматтык-консультациялык борборунун башкы адиси, ***Тойгонбай Сейиткaзиевич Джаанбаев,*** Кыргыз Республикасынын Акыйкатчы Аппаратынын Нарын облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлү жана ***Самарбек Болотбекович Болотбеков***, **Нарын шаарынын мэри** кайрылышты.



«Нарын облусуна мүнөздүү социалдык маселелер», «Бийик тоолуу шартта жана радиацияда экология жана ден-соолук» темасында **презентациялар угулду.**



**Түшкөн сунуштар:**

1. мамлекеттик Миграция кызматынын таркатылган бөлүмдөрү керек, Нарында коопсуз жана мыйзамдуу миграция боюнча маалымат жетишсиз;
2. аймактарда, айылдарда жашылдандыруу, микро коруктарды түзүү идеяларын жайылтуу керек, анткени миграция, жаратылышты коргоо жана жана зомбулуктун өсүшү көйгөйлөрү бири-бири менен байланышкан жана айылдарда комплекстүү иштер керек;
3. аймактарда “кыргыз жараны” жаңы идеологиясыын принциптерин активдүү жайылтуу зарыл;
4. айылдардагы жумушсуздукту азайтуу үчүн мамлекеттик программа керек.



